# И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК

## КЫРГЫЗСКОГО ГОСУДАРСТВЕННОГО УННИВЕРСИТЕТА ИМ. И. АРАБАЕВА

ISBN 1654-5611

Солтонкулова П.Ж. Ч. Айтматовдун макалаларындагы дидактикалык ойлорунун чагылдырылышы ........ 146

Сыдыкова Т.К. Кыргыз тилинин ички динамикасы ........ 148

Сыдыкова Т.К. Акындын чыгармаларындагы ономастикалык лексиканын кызматы ........ 150

Табалдиева Ч.Б. Көркөм адабияттын экологиялык-педагогикалык функциясы ........ 151

Хүсейин Сатыжыоглу. Түркия түрктөрүнүн макалдарында адеп-ахлактык тарбия ........ 154

Шамурзаева Т. Т. Развитие монологической речи студентов на занятиях русского языка ........ 156

Эралиева Т. Манас таануу курсун окутуунун башталыш этабы ........ 158

**СЕКЦИЯ 3**

**ЗАМАНБАП ПЕДАГОГИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙДЫН БҮТҮРҮҮЧҮСҮНҮН КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ИННОВАЦИЯЛЫК НЕГИЗДЕРИ**

**ИННОВАЦИОННЫЕ ТЕХНОЛОГОГИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ФОРМИРОВАНИЯ КОМПЕТЕНЦИЙ СОВРЕМЕННОГО ВЫПУСКНИКА ПЕДВУЗА**

Ажибаева А.Ж., Умарбекова А.А. Организация компетентностно-ориентированного обучения в Вузе ........ 161

Аманбаева С.Э. Работа с живописью на занятиях по русскому языку в неязыковой аудитории ........ 163

Аманова А. Педагогикалык дисциплиналарды окутууда студенттерди кесиптик багыт берүү ишине даярдоо ........ 165

Байсалов Ж.У. Васильев И.Б. Системно-компетентностный подход к формированию содержания учебника по профессиональной педагогике ........ 167

Байсалов Ж.У., Васильев И.Б.Тестовая диагностика обученности: конфигурация и формула тестового задания ........ 170

Балхимбекова П.Ж., Аристанбекова Ж.И. Модель специалиста системообразующий фактор в системе компетентностного образования ........ 175

Биймурсаева Б.М., Сартпаев Э.К., Өмүралиева М.Н. Математиканы окутуу процессинде чыгармачылык ишмердүүлүктү калыптандыруу ........ 179

Джунушалиева К.К. Мектептин социалдык педагогунун квалификациясын жогорулатуу курсунун учурдагы проблемалары ........ 180

Джумагулова Г.А. Болочок мугалимдин атайын кесиптик компетенттүүлүгүнүн инсандык компонентинин педагогикалык негиздери ........ 182

Зейнулина А.Ф. Профессионально-языковая компетентность магистрантов ........ 185

Карасартова Ж.Б. Болочок мугалимдердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруу өзгөчөлүктөрү ........ 187

Касымова Г.А."Мугалимдин баалоо компетенттүүлүгү" атайын курсунун мазмуну жана түзүлүшү ........ 189

Коңурбаев Т.А. И.Арабаев атындагы КМУда окуу процессин ийгиликтүү уюштуруунун факторлору ........ 191

Мукамбетова С.А. Математиканы орто мектептерде окутууда жаңы информациялык технологияларды колдонуунун айрым өзгөчөлүктөрү ........ 193

Мураталиева Н.Х.Развитие личностных качеств студенческой молодежи в формировании профессиональной компетенций ........ 195

Мусаева В.И. Компетенттүүлүктүн негизинде кыргыз тилин натыйжалуу окутуу ........ 198

Омурканова Ч. Т. Султанбаева Г.С. Оценка качества образования ........ 203

Орхан Инанды Билим берүү системасын жаңылоонун негизги багыттары ........ 206

Орхан Инанды Билим берүүдөгү стратегиялык пландаштыруу – бул түрдүү багыттагы өнүгүү варианттарынын стратегиясы ........ 208

дарамети менен өзөктөш, тамырлаш. Ошондуктан, ал илим үчүн да, бүгүнкү муундар үчүн да, кийинки урпактар үчүн да табылгыс алтын казына, феномен болуп саналат.

Мындай маалыматтарга дагы кошумчалай кете турган жаңы маалыматтар бар. Алар жогоруда саналып өткөн Мөлмөл, Лөлүкан, Буракжан, Гулайым, Аксаткын, Кулмурза, Дилбар деген антропонимдердин акындын ырларындагы тарыхы боюнча болмокчу.

Барпы акын өзүнүн айылдашы Осмон деген палбан менен дос болгон. Анын карындаштары: Салма, Сара, Ажыма, Ажар жана Мастура (эң кичүүсү) дегендер болгон. Алардын баардыгы сулуу болушкан. Булардын ичинен Мастура алардан да сулуу болгон экен. Барпы мына ушул Мастураны сүйүп калып, мен айылымдан Мөлмөл деген бирөөнү сүйүп калдым.

"Атлас көйнөк шоодурап,
Айнектей көзү жоодурап",- дейт. Бирок атын ачык ырдаштан тартынат, бир чети досунан уялат, бир чети коркот дагы. Бул мааламатты Маликке (Малик Осмонов, ЖКтин депутаты) Сара эжелер айтышкан.

Барпы акындын ырларындагы каармандардын ичинен азыркы мезгилде Гулайым эженин көзү тирүү экен. Бул ырдын тарыхы мындай: Бир абабыз жашында Гулайым деген кызды, сулууну сүйүп калат. Бирок ата-энеси кызды колунда бар бирөөгө берет. Ал Барпы акынга барып, болгон окуяны айтат. Ушуга бир ыр чыгарып берчи деп суранат. Сүйүүнү жатка билген акын анын дартын түшүнүп, өзүнүн башынан өткөндөй же өзү сүйгөндөй кылып чыгарган экен. Кийин акын өлөөрүндө ал ырды ошол сураган адамга берип кеткен. Ошол себептен бул ыр акындын жарыялангын ырларынын тизмесинде жок. Ал ыр саптарынан:

"Ай тобөдө кыядан
Алтындан сенин пиядаң
Айда айлыңа барганга
Алганынан уялам.
Күн төбөдө кыядан
Күмүштөн сенин пиядаң.
Күндө айлыңа барганга
Күйөөнөн уялам". (De-facto №2 (52) 21-б.)

Ал эми поэтикалык антропонимдердин ичинен Лөлүкан, Буракжандар болсо чыныгы турмуштагы аты менен эле берилген. Буракжан Базар-Коргондон, Лөлүкан Чаңгеттен болгон. Булар менен нике кыйдырып, үй-бүлө курган.

Барпы Алыкуловдун поэзиясындагы - Мөлмөл, Лөлүкан, Буракжан, Гулайым, Аксаткын, Кулмурза, Дилбар деген антропонимдер жана топонимдер лингвистикалык контексттин алкагында, демек, бир эле учурда топопоэтикалык кызматы менен катар эле эргүү, ички сезимди берүү көрүнүштү чагылдырып, реалдуу онимдик милдетти да аткарып жатат, акындык эмоционалдуулук да орун алып турат.


***Адабияттар:***

1. Жапаров Ш. Энчилүү адам аттарынын сатиралык чыгармадагы кызматы // Тр. Кирг. гос. ун- та. -Ф.: КГУ, 1979. -Вып. 21.- 9- 28- б.
2. Жапаров Ш. Адам аттары - эл байлыгы. –Толукталып экинчи басылышы – Б., 2004. -252 б.
3. Мукамбаев Ж. Жер-суу аттары – тарыхтын күбөсү // «Кыргызстан маданияты», 1970.-3-апрель.- №15 (171) (1 б.т.).
4. De-facto №2 (52) 21-б.


## Көркөм адабияттын экологиялык-педагогикалык функциясы


***Табалдиева Ч.Б.,***

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин*
*педагогика бөлүмүнүн магистранты*


К.Д. Ушинский табият жөнүндө билимдерди өздөштүрүүнү адамдын ыймандык сапаттарын өнүктүрүүчү эң маанилүү фактор катары караган. "Жаратылышты окуу үйрөнүү аркылуу адамды гумандуу кылып өстүрсө болот",-деп жазган. "Табияттын тарбиялык таасирин ар бир адам аздыр-көптүр сезген болсо да, муну педагогика жетишерлик даражада баалабай келет", деп кейиген улуу ойчул [7, 83-б].

Бирок, азыркы убакта окуучунун, жаш муундардын жаратылышка болгон аң-сезимин, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча түшүнүктөрүн табигый предметтер аркылуу гана эмес гуманитардык сабактар аркылуу да калыптандырууга болоору илим тарабынан тастыкталып келет. Бул аспектте гуманитардык сабактардын ичинен айрыкча адабият сабагына өзгөчө орун таандык. Адамзаттын тагдыры менен планетанын бүгүнкү абалынын ажырагыс байланыштуулугу, экологиялык кризистин глобалдуу масштабы жана рухий экология (Д.С. Лихачев) менен тутумдаштыгы-мына ушул жана буга жакын маселелердин баары көркөм сөз чеберлери тарабынан образдуу анализге алынганда. Ушундан улам алардын чыгармаларында бүгүнкү татаал экологиялык кырдаалды жетик чагылдыруу үчүн байыркы ата-бабаларыбыздын мифологиялык-архаикалык мурастарын колдонуп жатышканы да бекеринен эмес.

дарамети менен өзөктөш, тамырлаш. Ошондуктан, ал илим үчүн да, бүгүнкү муундар үчүн да, кийинки урпактар үчүн да табылгыс алтын казына, феномен болуп саналат.

Мындай маалыматтарга дагы кошумчалай кете турган жаңы маалыматтар бар. Алар жогоруда саналып өткөн Мөлмөл, Лөлүкан, Буракжан, Гулайым, Аксаткын, Кулмурза, Дилбар деген антропонимдердин акындын ырларындагы тарыхы боюнча болмокчу.

Барпы акын өзүнүн айылдашы Осмон деген палбан менен дос болгон. Анын карындаштары: Салма, Сара, Ажыма, Ажар жана Мастура (эң кичүүсү) дегендер болгон. Алардын баардыгы сулуу болушкан. Булардын ичинен Мастура алардан да сулуу болгон экен. Барпы мына ушул Мастураны сүйүп калып, мен айылымдан Мөлмөл деген бирөөнү сүйүп калдым.

"Атлас көйнөк шоодурап,

Айнектей көзү жоодурап",- дейт. Бирок атын ачык ырдаштан тартынат, бир чети досунан уялат, бир чети коркот дагы. Бул мааламатты Маликке (Малик Осмонов, ЖКтин депутаты) Сара эжелер айтышкан.

Барпы акындын ырларындагы каармандардын ичинен азыркы мезгилде Гулайым эженин көзү тирүү экен. Бул ырдын тарыхы мындай: Бир абабыз жашында Гулайым деген кызды, сулууну сүйүп калат. Бирок ата-энеси кызды колунда бар бирөөгө берет. Ал Барпы акынга барып, болгон окуяны айтат. Ушуга бир ыр чыгарып берчи деп суранат. Сүйүүнү жатка билген акын анын дартын түшүнүп, өзүнүн башынан өткөндөй же өзү сүйгөндөй кылып чыгарган экен. Кийин акын өлөөрүндө ал ырды ошол суранган адамга берип кеткен. Ошол себептен бул ыр акындын жарыяланган ырларынын тизмесинде жок. Ал ыр саптарынан:

"Ай төбөдө кыядан
Алтындан сенин пиядан
Айда айлыңа барганга
Алганынан уялам.
Күн төбөдө кыядан
Күмүштөн сенин пиядаң.
Күндө айлыңа барганга
Күйөөнөн уялам". (De-facto №2 (52) 21-б.)

Ал эми поэтикалык антропонимдердин ичинен Лөлүкан, Буракжандар болсо чыныгы турмуштагы аты менен эле берилген. Буракжан Базар-Коргондон, Лөлүкан Чаңгеттен болгон. Булар менен нике кыйдырып, үй-бүлө курган.

Барпы Алыкуловдун поэзиясындагы - Мөлмөл, Лөлүкан, Буракжан, Гулайым, Аксаткын, Кулмурза, Дилбар деген антропонимдер жана топонимдер лингвистикалык контексттин алкагында, демек, бир эле учурда топопоэтикалык кызматы менен катар эле эргүү, ички сезимди берүү көрүнүштүн чагылдырып, реалдуу онимдик милдетти да аткарып жатат, акындык эмоционалдуулук да орун алып турат.


*Адабияттар:*

1. Жапаров Ш. Энчилүү адам аттарынын сатиралык чыгармадагы кызматы // Тр. Кирг. гос. ун- та. -Ф.: КГУ, 1979. -Вып. 21.- 9- 28- б.
2. Жапаров Ш. Адам аттары - эл байлыгы. –Толукталып экинчи басылышы – Б., 2004. -252 б.
3. Мукамбаев Ж. Жер-суу аттары – тарыхтын күбөсү // «Кыргызстан маданияты», 1970.-3-апрель.- №15 (171) (1 б.т.).
4. De-facto №2 (52) 21-б.


## Көркөм адабияттын экологиялык-педагогикалык функциясы


***Табалдиева Ч.Б.,***

*Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин*
*педагогика бөлүмүнүн магистранты*


К.Д. Ушинский табият жөнүндө билимдерди өздөштүрүүнү адамдын ыймандык сапаттарын өнүктүрүүчү эң маанилүү фактор катары караган. "Жаратылышты окуу үйрөнүү аркылуу адамды гумандуу кылып өстүрсө болот",-деп жазган. "Табияттын тарбиялык таасирин ар бир адам аздыр-көптүр сезген болсо да, муну педагогика жетиштерлик даражада баалабай келет", деп кейиген улуу ойчул [7, 83-б].

Бирок, азыркы убакта окуучунун, жаш муундардын жаратылышка болгон аң-сезимин, жаратылыш байлыктарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча түшүнүктөрүн табигый предметтер аркылуу гана эмес гуманитардык сабактар аркылуу да калыптандырууга болоору илим тарабынан тастыкталып келет. Бул аспектте гуманитардык сабактардын ичинен айрыкча адабият сабагына өзгөчө орун таандык. Адамзаттын тагдыры менен планетанын бүгүнкү абалынын ажырагыс байланыштуулугу, экологиялык кризистин глобалдуу масштабы жана рухий экология (Д.С. Лихачев) менен тутумдаштыгы-мына ушул жана буга жакын маселелердин баары көркөм сөз чеберлери тарабынан образдуу анализге алынганда. Ушундан улам алардын чыгармаларында бүгүнкү татаал экологиялык кырдаалды жетик чагылдыруу үчүн байыркы ата-бабаларыбыздын мифологиялык-архаикалык мурастарын колдонуп жатышканы да бекеринен эмес.

Дегинкиси көркөм чыгармачылыктын кандай гана пласты болбосун анда жаратылыш сырларын таанытуу, аны сактоо, коргоого багыт берүү башкы тема.

Ушундай эле этноэкологиялык этикалык көз караштарды көркөм чагылдырган мифтердин бири- "Кожожаш" дастаны.

Мында Кожожаш мергендин тоодогуну тоодон, ойдогуну ойдон атып, ага алымсынбай кийин Сур эчкинин өзүнө кол көтөрүүсү акылга сыйбаган жосунсуз жорук катары баяндалат. Сур эчки болсо, мына ошол адамдардын бейбаштыгына, өз ырыскысы жаратылышты кордогон адамдын мамилесине каршы турат. Ал жаратылышты коргоонун, тунук сактап калуунун ыйык символу катары сүрөттөлөт. Ал "Менин бар эле сенден тилегим" жана "ыйлатпа мендей энени"-деп адам баласын ыймана, жаратылышка мээрмандык менен мамиле кылууга чакырып, жалпы эле ыйык табияттын атынан сүйлөйт. Кожожаш мындай кеңеш акылды укпастан, кайберендердин тукумун үзмөкчү болгондо, аны амал менен аска зоого камаган Сур эчки:

"Карапайым эмесмин,
Кайберенмин анықмын.
Айтканым укпай жүрчү элең,
Эми мерген кандайсың,
Сага мен энелигим тааныттым",-деп өч алат [8, 229-б].

Демек, мында бир эл кийинки муундарга өз башынан өткөн айыбы, каталыгынын алган катаал жазасы аркылуу кийинки муундарга экологиялык сабак берип отурат. Дастандагы дагы бир маанилүү жагдай адамдардын экологиялык көз караштарынын эволюциясын чагылдырган идея болуп саналат. Башкача айтканда, Кожожаштын уулу Молдожаш атасы жасаган каталыктан сабак алат. Сур эчкинин кызы Ашайранга үйлөнүп, адамзат менен жаратылыш ар дайым бүтүн органикалык биримдикте гана жашай ала тургандыгы тууралуу объективдүү чындыкты ырастайт. Чындыгында, эл жаш муундарды жаратылыштагы жандуу нерселердин баарынын өзүнчө колдоочусу, пири бар керемettүү зат катары кабылдоого аракет кылган.

Ал эми Эр Төштүк эпосунда башкы каарман бир эле эрдиги менен даңкталбай табиятка жакындыгы, табиятка карата гумандуу мамилеси менен таасирдүү сабак берет:

Барып Төштүк караса,
Ак жолборстун бутуна
Чөңөр кирип кетиптир.
Чөңөрдү суурул алды эми
Жанын сактап калды эми.

Демек, байыркы бабалардын өрнөгү дале болсо нарктуулугу боюнча бүгүнкүлөргө эскертүү катары жасарат берип жаткандай туюлат.

Балдардын жаратылышка карата эмоционалдуу жапакеч мамилесин калыптандырууда эл ичинде ээлтен эле "Асан Кайгынын айткандары" аттуу легенда кеңири колдонулат. Асан Кайгынын өмүр баяны тууралуу даректүү так маалыматтар жок. Айрым тарыхый эмгектердеги божомолдорго караганда "Асан Кайгы болжол менен XV кылымдын орто ченинде жашаган, Ысык-Көлдүн боюнан чыккан, сөөгү да ошол көлдүн боюна коюлган". Бирок ал кыргыз эмес, жалпы түрк элдеринин фольклорунда да айтылып келет. Ч. Валиханов аны "калайык калктын оюнан чыкпас көчмөн философу"-деп мүнөздөгөн [4,45-б].

Асан-Кайгы ошол замандын чыныгы экологу болгон. Ал өз чыгармасында ар бир жандыктын мүнөзүн сүрөттөө менен кыштын суугунда жаныбарлардын жашоосуна боору ачыйт. Ал дайыма элди жаратылышты коргоого чакырган. Жаратылышта зыяндуу эч нерсе жоктугун ар бир жандыктын өз милдети бардыгын, алар бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин, аларды биринен-бирин бөлүп кароого болбой тургандыгын айтып келген. Асан Кайгынын төмөнкү ыр саптары мурас катары муундан муунга өтүп ушул күнгө чейин маанисин жоготкон жок:

Боорунда түгү жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Киерине үйү жок,

Чымын байкуш кантти экен?- деп бүтүндөй элдин тарткан азабын, көргөн кордуктарына өтө кейип, өзгөчө жаны ачып, калк кайгысын, «Элимдин келечеги, көргөн күнү, жан жаныбарлары, макулуктары не болот?» деп, убайым жеп, кайгы тарткан боорукерлиги менен да айырмаланган [9,38-б]. Асан Кайгынын экологиялык көз караштары кандай да болсо, жан-жаныбарларга карата жапакеч мамиле кылуу керек-деген элдик ээлки көз караштарга үндөш. Анын айткандары бир жагынан карапайым калк үчүн олуттуу агартуучулук мааниге ээ болсо, башка жагынан эл ичинде ээлтен калыптанган ритуалдык ырым-жырымдарды бекемдеген. Анткени кыргыздар буларды өзүнүн дүйнө таануу салтына ылайык жаратышкан. Балдарды эс тарткан күндөн эле табияттагы бардык жандуу заттарга аяр, этиет, сарамжалдуулук менен мамиле кылууга үйрөтүп келишкен. "Курт кумурскаларга тийбе, алар да күн көргүсү келет, тийсең ыйлайт", "Суута кык таштаба, байкабай ичип алган ооруга чалдыгат", "Булактын көзүн тазала, жандыктын уясын бузба"-деген сөздөр менен жеткиликтүү түшүндүрүп, эмоциясына да таасир этип, баланын иш-аракетин белгилүү нукка салышчу [9,38-б.].

Элдик экологиялык билимдерди байытуу, өркүндөтүү кыргыз акындар чыгармачылыгында да өзгөчө өнүккөн тема болгон. Ырасында эле акындар өз заманынын алдыңкы акыл ишмерлери, интелектуалдары катары өз чыгармаларында курчап турган дүйнөнүн түзүлүшү, өнүгүү диалектикасы, жаратылыштагы кубулуштар, коомдогу күндөлүк турмуштагы, инсандар аралык мамилелердеги жакшылык менен жамандыктын

теги. Жалпы улуттук, адамзаттык этикалык идеялар тууралуу ой калчап, даараметине жараша чечмелеп, элдин аң-сезиминин, акыл көрөңгөсүнүн ар тараптан өсүп, байышы үчүн ыраатуу камкордук көрүп келишкен.

Мындай таанымдык мазмун менен таалимдик максат дээрлик бардык кыргыз акындарынын чыгармачылыгына мүнөздүү. Сөзүбүз кургак болбос үчүн алардын айрымдарына токтоло кетели.

Тоголок Молдонун "Жер жана анын балдары", "Куштардын санаты" «Ала-Тоо» аттуу поэмалары кандай керемет экологиялык чыгармалар.

Алсак, Тоголок Молдо "Жер жана анын балдары" аттуу поэмасында жаратылыштагы жамгыр, суу, шамал, отко, жер эненин өзүнө мүнөздүү физикалык, метеорологиялык жана башка кубулуштарды балдардын жан дүйнөсүнө ылайык жатык тил менен жеткиликтүү деңгээлде чечмелеп берүүгө аракеттенет.

Аталган поэмадан балдар жаратылыш кубулуштары менен адам турмушунун ажырагыс биримдигин ачык, даана түшүнүшөт. Аккан суунун экологиялык, экономикалык маанисин, ал гана эмес жаратылыштын улуулугун, сулуулугун, канча бир күн бою ырдап келишкен, бул чыгармалары анын акындыгын гана айгинелебестен экологиялык аң-сезиминин тереңдигин көрсөтүп турат. Ал дайыма элди жаратылышты коргоого чакырган. Жаратылышта зыяндуу эч нерсе жоктугун ар бир жандыктын өз милдети бардыгын, алар бири-бири менен тыгыз байланышта экендигин, аларды биринен-бирин бөлүп кароого болбой тургандыгын айтып келген.

Ал эми «Ала-Тоо» деген поэмасында Тоголок Молдо адис географ болбосо да көптөгөн кыргыз жеринин көрктүү табияты, кен байлыктары, анда жашаган элдердин чарбасы, турмуш тиричилиги, пейили жөнүндө ар тараптуу маалымат берет. Акылы даана акын, аалым катары коомдо, элдин аң-сезиминде болуп жаткан өзгөрүштөрдүн табиятын калайык калктын калың катмарына, көзүн ачып, көөдөнүн агартуу аракети Арстанбек. Молдо Кылыч, Калыгулдун замана темасындагы коом таануу циклиндеги ырларынан да даана байкалат [5, 23-б.].

Адабият сабагы аркылуу экологиялык таалим-тарбия ишин уюштурууда профессионалдык адабият да өзгөчө мааниге ээ. Экологиялык тарбия проблемасы айрыкча Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында курч көтөрүлгөн. Гуманист жазуучу жер тагдырына, табиятка жалпы ааламдык, жалпы космикалык көз караштан ой жүгүртөт.

Айтматовдун "Ак кемесинде" көтөрүлүп баштаган экологиялык маселе "Деңиз бойлой жорткон ала дөбөттө", "Кассандра тамгасында", соңку "Тоолор кулаганда" романында жалпы ааламдык маселеге айланат. Айтматовдун чыгармаларында "адам экологиясы", "табият экологиясы" деген маселелер көтөрүлөт. «Кыямат» чыгармасында адам баласынын жаныбарларга кылган орой мамилесинен бөрү Акбара Бостондун жалгыз баласынан ажыратып, өч алуусу менен адам баласына түшүндүрүүгө аракет кылган [2,26-б.].

«Ак кеме» повестинде Нургазынын баёо таза балалык сезими менен жаратылышты, жаныбарларды сүйүүсү, бак дарактардын адам баласы тарабынан көп санда кыйылуусу чагылдырылган. Баланын аң-сезиминин тез жетилишине тийгизген таасирдин бири бул – табият, айлана-чөйрө. Жаратылыштын кооздугуна суктануу, аны коргой, баалай билүүнү бала чактан баштоо керектигин ал улам-улам баса белгилейт. Жаратылыштын кооздугу адамдын ички дүйнөсүн аруулантат, тазартат [10,181-б.]. Жазуучу "Кылым карытар бир күн", "Фудзиямада кадыр түн", "Кыямат" сыяктуу романдары эртеңки адамзат тагдыры ("Канткенде адам уулу Адам болот"), жаратылыш проблемалары, ыйман маселесине арнап, ал улуу түшүнүктөр өзүнчө өнүттөн чечмеленет. Ч.Айтматов бизди курчап турган Аалам жана Адамзат келечеги кандай болот, күтүлгөн рухий жана материалдык, экологиялык алааматтардан адам жана аны курчап турган жаратылыш чөйрө канткенде кыйрабай, жоголбой өзүнүн абалкы калыбын, керек болсо андан алда канча өнүккөн, сапаттык жактан жетишкен үлгүсүн жаратат жана аны ошол туруш турпатында сактап кала алат деген чоң маанилүү маселенин айланасында ой жооруп, акыл калчаган [1,111-б.]. Адам менен жаратылыштын карым-катнашынын татаалдыгы-алардын бири-бирине болгон көз карандылыгын ачып берген. Демек, окуучуларда жаратылышка болгон баё сезимди калыптандырууда, экологиялык проблемаларды алдын-алууда көркөм адабияттын потенциалы жогору экендигин баса белгилөө менен гана чектелбестен, кеп аларды ийкемдүү колдонуунун педагогикалык шарттарын иштеп чыгууда турат.

***Адабияттар***:


1. Сыдыков Н, Жунусалиева К. Чыңгыз Айтматовдун пейзаж тартуу чеберчилиги. Бишкек -2002. 108-112-б.
2. Алимбеков А. Ч. Айтматовдун чыгармаларынын көркөм педагогикалык концепциясы// Коомдук илимдер журналы.-Б., 2009.-№22.-26-б.
3. Асаналиев К. Чыңгыз Айтматов: Кечээ жана бүгүн. – Б.: 1995. 38-37-б.
4. Калдыбаева А. Элдик акындар жана тарбия. – Бишкек, 1995. 43-48-б.
5. Тоголок Молдо. Ырлар жана поэмалар. 1 жыйнак.- Ф., 1944. 23-б.
6. Тоголок Молдо. Чыгармалар. 1 том.-Ф., 1970. 274-334-б.
7. Антология педагогической мысли России второй половины XIX в. - нач. XX вв. - М., 1990. 83 стр.
8. Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерктери. – Ф.: 1988. 299-б.
9. Алимбеков А. Кыргыз элинин билим берүү салттары. – Б., 2001. 98-б.
10. Сулайманов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы. – Б., 1992. 181-187-б.